# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ

Илгизбек Адылбекович Кожобаевдин кызыкчылыгын көздөгөн Эрлан Мурзалиевич Исмаиловдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2026-жылдын 30-июну Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы: К.Дж. Кыдырбаев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев курамында, катчы Маамыталы кызы Камиланын катышуусунда, И.А. Кожобаевдин кызыкчылыгын көздөгөн Э.М. Исмаиловдун кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

2026-жылдын 12-июнунда Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна И.А. Кожобаевдин кызыкчылыгын көздөгөн Э.М. Исмаиловдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары – КЖПК) 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктунун, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин (мындан ары – КЖК) 208-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3, 4-пункттарынын, 377-беренесинин 1-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 1, 3-6-бөлүктөрүнө, 56-беренесинин 1-3-бөлүктөрүнө, 61-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуудан жана ага тиркелген материалдардан белгилүү болгондой, Ош шаардык сотунун 2024-жылдын 24-августундагы өкүмү менен

И.А. Кожобаев КЖКнын 208-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3, 4-пункттарында каралган кылмышты жасаган деген айып боюнча күнөөсүн ырастаган жетиштүү далилдердин жана кылмыш курамынын жоктугуна байланыштуу акталган. Ошол эле учурда ал КЖКнын 377-беренесинин 1-бөлүгү боюнча күнөөлүү деп табылган.

Кийинчерээк, Ош облустук сотунун 2025-жылдын 11-февралындагы өкүмү менен И.А. Кожобаев КЖКнын 208-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3, 4-пункттарында, 377-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган кылмыштарды жасагандыгына күнөөлүү деп табылган. Аталган өкүм Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан өзгөртүүсүз калтырылган.

Арыз ээсинин өкүлүнүн пикири боюнча, соттук чечимдер күнөөсүздүк презумпциясынын конституциялык принциби бузулуу менен кабыл алынган, анткени И.А. Кожобаевдин күнөөлүү экендиги жөнүндө тыянактар жетиштүү жана жол берилүүчү далилдерге негизделген эмес, ал эми келип чыккан күмөн саноолор анын пайдасына чечмеленген эмес.

Арыз ээси КЖПКнын 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктунун конституциялуулугун талашып, кылмыш ишин козгоого жабырлануучунун башка адамга карата берген арызы негиз болгондугун, анда И.А. Кожобаевдин мыйзамсыз аракеттери жөнүндө маалыматтар камтылбагандыгын белгилейт. Буга байланыштуу арыз ээсинин өкүлү И.А Кожобаевге карата кылмыштык куугунтук мыйзамда каралган жабырлануучунун арызы жок эле башталган деп эсептейт, ал эми мындай арыз жеке-ачык айыптоо иштеринде милдеттүү түрдө талап кылынат.

Мындан тышкары, кайрылуу субъектиси тергөө органдарынын жана соттордун И.А. Кожобаевдин аракеттеринде КЖКнын 208-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3, 4-пункттарында каралган кылмыштын белгилери бар деген тыянактары менен макул эмес.

Ошондой эле, И.А. Кожобаевдин КЖКнын 377-беренесинин 1-бөлүгү боюнча кылмыш жоопкерчилигине тартылышы да талашылууда. Э.М. Исмаиловдун пикири боюнча, И.А. Кожобаев кылмыштар жөнүндө

билдирүүлөрдү Кылмыштардын бирдиктүү реестрине каттоо боюнча ыйгарым укуктарга ээ эмес болгон, андыктан ал кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдалангандыгы жөнүндө тыянактар мыйзамды туура эмес чечмелөөгө жана иштин жагдайларын туура эмес баалоого негизделген.

Э.М. Исмаилов ошондой эле, анын пикири боюнча, иштин жагдайларын толук эмес изилдөө жана далилдерге талаптагыдай эмес баа берүү менен кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарды бузууларга жол берилгендигин белгилейт.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен, кайрылуу субъектиси КЖПКнын 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктун, КЖКнын 208-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3, 4-пункттарын, 377-беренесинин 1-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 1, 3-6-бөлүктөрүнө, 56-беренесинин 1-3-бөлүктөрүнө, 61-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таанууну суранат.

Судьялар коллегиясы И.А. Кожобаевдин кызыкчылыгын көздөгөн Э.М. Исмаиловдун кайрылуусун изилдеп чыгып, кайрылууну тиешелүү текшерүү жүргүзгөн судья К.Дж. Кыдырбаевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Конституциялык сот өндүрүшүнүн конституциялык-укуктук табиятынан улам, Конституциялык сот мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын Конституцияга шайкештиги жөнүндөгү иштерди чечет. Конституциялык сот өндүрүшүн козгоо үчүн талашылып жаткан ченемдин Баш мыйзамга ылайык келүүсү жөнүндө маселеде конституциялык-укуктук аныксыздык бар экендиги буга негиз болуп саналат.

Кайрылуунун мазмунунан көрүнүп тургандай, арыз ээси конституциялык укуктардын бузулушун КЖПКнын 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктунун, КЖКнын 208-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3,4-пункттарынын жана 377-беренесинин 1-бөлүгүнүн колдонулушунан келип чыккан, укуктук жөнгө салуунун мүмкүн болуучу кемчиликтери менен

эмес, алардын конкреттүү кылмыш ишинин алкагында колдонулушу менен байланыштырат.

Мында арыз ээсинин жүйөлөрү кылмыш куугунтугун козгоо, далилдерге баа берүү, иштин анык жагдайларын белгилөө, И.А.Кожобаевдин аракеттерин укуктук квалификациялоо жана аны өзүнө тагылган кылмыштарды жасоого күнөөлүү деп табуу үчүн негиздердин бар экендиги жөнүндө тергөө органдары менен соттордун чыгарылган тыянактарына макул эместигине негизделген.

Ал эми конкреттүү иш боюнча фактылык жагдайларды белгилөө жана аларга баа берүү, далилдерди изилдөө жана кайрадан баалоо, сот актыларынын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү, ошондой эле кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдардын ченемдерин туура колдонуу маселелерин чечүү Конституциялык соттун ыйгарым укуктарына кирбейт.

Ошондой эле жеке-ачык айыптоо жана ачык айыптоо иштери боюнча кылмыш-жаза куугунтугунун түрлөрүнө карата арыз ээсинин жүйөлөрү да негизсиз жана дагы да укук колдонуу практикасы менен байланыштуу. Бул өңүттө судьялар коллегиясы төмөнкүдөй түшүндүрмө берүүнү мүмкүн деп эсептейт.

Жогоруда көрсөтүлгөн кылмыш-жаза куугунтугунун түрлөрүн аныктоодо мыйзам чыгаруучу жосундун коомдук кооптуулугунун мүнөзүн жана даражасын эске алуу зарылдыгына таянган. Мында жеке-ачык айыптоо боюнча иштер аныгында жабырлануучунун арызынын негизинде гана козголот. Ошол эле учурда кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарда, эгерде жасалган жосун конкреттүү бир адамдын жеке кызыкчылыктарына гана эмес, коомдун же мамлекеттин коомдук кызыкчылыктарына доо кетирсе, жабырлануучунун арызы жок болгон учурда  да ыйгарым укуктуу органдар тарабынан кылмыш-жаза куугунтугу демилгелениши мүмкүн болгон учурлар каралган.

Арыз ээси мисал катары келтирген кылмыш иштеринде кызмат адамдарынын, ошондой эле чет өлкөлүк жарандын катышуусу орун алгандыгы көрсөтүлгөн. Алардын өздөрүнө тагылган жосундарга катышы белгилүү бир жагдайларда коомдун жана мамлекеттин коомдук кызыкчылыктарынын көз карашынан алганда кошумча мааниге ээ болушу мүмкүн.

Демек, жабырлануучунун арызынын жоктугу жөнүндөгү жүйө өзүнчө алганда талашылып жаткан ченемдик жөнгө салуунун конституциялык эместигин же анын колдонуунун мыйзамсыздыгын автоматтык түрдө далилдебейт.

Мындай жагдайларда, судьялар коллегиясы, кайрылуу “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында белгиленген конституциялык сот өндүрүшүндө кароого жол берүү талаптарына жооп бербейт, анткени конституциялык-укуктук аныксыздыкты камтыбайт жана иш жүзүндө конкреттүү кылмыш иштери боюнча чыгарылган сот чечимдерин баалоого жана кайра кароого багытталган деген тыянакка келди.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1, 4-пункттарын жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Илгизбек Адылбекович Кожобаевдин кызыкчылыгын көздөгөн Эрлан Мурзалиевич Исмаиловдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктунун, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 208-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3, 4-пункттарынын, 377-беренесинин 1-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 1, 3-6-бөлүктөрүнө,

56-беренесинин 1-3-бөлүктөрүнө, 61-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Берилген материалдар арыз ээлерине кайтарылып берилсин.

3. Бул аныктама үч айдын ичинде Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: ______________ К.Дж. Кыдырбаев

______________ Л.Ч. Жолдошева

______________ М.Ш. Касымалиев